
# Сары-Өзөндө түшүм мол болсо - бүтүндөй өлкө ток болот



Бул күнү аба-ырайынын жаандуу болгонуна карабастан, майрамдык салтанатка эл таң эртеден эле чогула баштады жана беш саатка жакын уланган салтанаттын акырына чейин чогулган элдин аягы үзүлгөн жок. Тоо бооруна жакын жерде кыдырата тигилген боз үйлөр, алардын алдындагы алты бакан селкинчектер, ар-бир ордодо жаңырган ырлар жана ар улуттардын бийлери, ошондой эле түркүн даам коюлган дасторкондор көргөн адамдын көз жоосун алат. Ордо демекчи, майрамдык салтанатка карай облустагы ар-бир район жана шаарлар өз-өзүнчө ондон боз үйлөрдү тигишип, райондун же шаардын аталы-



Социалисттик Эмгектин эки жолку баатыры Зууракан Кайназарованын жана маданият жаатында эмгектенген улуу инсандарыбыздын эмгектери дагы унутта калтырылган жок. Ошентип уюштуруучулар облустун түптөлүшүндөгү толгон-токой тарыхый окуяларды дагы бир жолу барактап чыгышып, эгемен Кыргызстандын тарыхындагы каргашалуу 7-апрель окуясына бир саам кайрылышты. Бул жерде уулунан айрылган эненин монологу - көрүүчүлөрдүн, өзгөчө энелердин көздөрүнө жаш толтурду. Иш-чаранын соңунда ат жалында шамалдай ойно-

су эгемен өлкөбүздүн өнүгүшүнүн флагманы экенин эч ким тана албайт, - деген сөзүн көпчүлүк жылуу кабыл алды. Ал эми Президенттин аппарат жетекчиси Фарид Ниязов өлкө башчынын куттуктоосу менен чогулгандарды тааныштырды. Куттуктоосунда өлкө башчы маданий жана тарыхый архитектуралык эстеликтерге жана шаарларга, улуу ойчулдар менен даанышман акындарга, чыгармачыл жана саясий инсандарга, ошондой эле ар тармакта көрүнүктүү ишмерлерге бай болгон берекелүү Чүй облусунун 90 жылдыгы менен көпчүлүктү куттуктап, жалпы мамлекетибизге өнүгүү, ынтымак-ырашкерчилик менен тынчтыкты каалагандыгы айтылган. Эл арасында "Сары-Өзөндө түшүм мол болсо - бүтүндөй өлкө ток болот" деген кеп бекеринен айтылбасын белгилеп, Чүй облусу мындан ары дагы эгемен мамлекетибиздин өнүгүүсүнө беделдүү салымын кошо берет деп ишенем жана жашасын эгемен Кыргызстан деген сөздөрүн чогулгандар дүркүрөгөн кол чабуулар менен колдошту.

Салтанаттын официалдуу бөлүгү соңуна чыккан соң, сыйлуу меймандар Өкмөттүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Бактыбек Кудайбергенов жана Токмоктун мэринин

шында ордо болушканын окурмандарга маалымат катары айта кетсек туура болоор. Ал эми тигилген боз үйлөрдүн саны болжол менен 130га жакындады. Кыргыз Республикасынын премьер-министри Сооронбай Жээнбеков, Президенттин аппарат жетекчиси Фарид Ниязов, Өкмөттүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Бактыбек Кудайбергенов, Бишкектин мэри Албек Ибраимов, чет элдик коноктор, мамлекетибиздин өсүп-өнүгүүсүнө ар-кайсы мезгилдерде өздөрүнүн баа жеткис салымдарын кошушкан, бүтүндөй республикабызга белгилүү Чүй облусунун инсандары жана башка сыйлуу меймандар атайын орундуктардан орун алышкан соң, майрамдык салтанат башталды.

Театрлаштырылган көрүнүштө, алгач ата-бабаларыбыздын улуу көчү көрсөтүлдү. Бул көрүнүштө көч башында турган журт башчысы жол баштаса, анын артынан көчмөн элибиздин боз үйлөрү жана оокат-тиричилиги жүктөлгөн төөлөрү жана аттары, бири-биринин артына шуурудай тизилишип, жөө-жалаң бала-бакырасын жетелеген жөнөкөй элдин кыймыл аракеттери - көрүүчүлөргө чыныгы улуу көчтүн элесин тартуулады. Негизинен Чүй облусунун түптөлүшүндөгү урунттуу делген тарыхый көрүнүштөрдү баяндаган сценкалардын баардыгы ачык жерде, тоо боорунда көрсөтүлдү. Ал эми кийинки көрүнүштө жергебиздеги Совет бийлигинин түптөлүшү, колхоздоштуруу жана совхоздоштуруу иштеринин жүрүшү тартууланды. Ага улай ак жеринен күнөө тагылып, эл душмандары делип, репрессияда атууга кетишкен Чүй жергесинин атуулдарынын окко учкандарын сүрөттөгөн сценка орун алды. Кийинки сценкада Улуу Ата-Мекендик согуш жылдарында Чүй жергесинин тургундарынын жеңишке кошкон салымдарын баяндаган көрүнүш сүрөттөлүп, эли-жерибиз үчүн курман болгон Дүйшөнкул Шопоковдун эрдиги дагы бир ирет даңкталды. Ошол мезгил аралыгында талаада иштеген дыйкандардын жана Чоң Чүй каналынын казылышын сүрөттөгөн иштер эч кимди кайдыгер калтырган жок. Уюштуруучулардын оюу боюнча каналдын казылышы тоо боорунан орун алып, катышуучулар көк түстөгү материалды ылдый карай сүйрөө менен каналдагы агып жаткан суунун элесин беришкен. Андан кийин согуш жылдарында жана андан кийинки мезгилдерде өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүнө өз салымдарын кошушкан жарандардын эмгектери даңкталып, гон жигиттерибиз шамдагайлыктарын көрсөтүшүп, аларга улай көп улуттан турган Сары-Өзөндүн жашоочулары, ар бир улут өздөрүнүн улуттук кийимдери менен, ошондой эле спорт, маданият жана саясий ишмерлери көрүүчүлөрдүн алдынан музыканын коштоосунда салтанаттуу өтүштү.





Майрамдык салтанат менен көпчүлүктү куттуктап алгачкы сөздү Өкмөттүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Бактыбек Кудайбергенов алды. Эртеден тыным албай жаап жаткан жаанды - буюрса, күзүндө кырманыбыз данга толоордун белгиси катары баалап, жалпы элди облустун 90 жылдыгы менен куттуктап, элибизге ынтымак, береке жана мамлекетибизде өсүп-өнүгүү болсун деген тилегин айтты. Премьер-министр Сооронбай Жээнбеков чогулгандарды маанилүү майрам менен куттуктап, Чүй дубаны ар убакта кайсыл тармакта болбосун, алдыңкы катарда экенин баса белгилеп, көп улуттуу Сары-Өзөн элине эң башкысы ынтымак тиледи. - Мейли курулуш, кен иштетүү, өндүрүү жана кайсыл гана тармак болбосун, ошондой эле маданият, спорт, кино, искусство чөйрөсү болобу, айтор Чүй облумилдетин аткаруучу Болот Имамадиевдин коштоосунда ар-бир ордого баш багышып, даам сызышты. Бийик даражалуу жана чет жактан келишкен, ошондой эле баардык меймандарды ордолор ыр-күүлөрдүн коштоосунда тосуп алышып, алар атайын уюштурулган уз-чеберлердин көргөзмөсү менен дагы таанышып жатышты. Чынында мындай көргөзмөнү ондон ашык ордонун ичинен жалгыз Токмок шаарынын ордосу уюштурган экен.

Чогулган калың элге элибизге аттын кашкасындай таанымал маданият кызматкерлеринин жана облустагы баардык маданият үйлөрүнүн артисттеринин күчү менен даярдалган чоң программадагы концерт тартууланды. Ошондой эле ар-бир ордодо ыр-күүлөр жаңырып, буларга кошумча спорт оюндары менен улуттук оюндар уюштурулуп жатты. Жалпылап айтканда эртең мененки жаандын бушайман кылганын эске албаганда, жети дубандын жана чет жактан келишкен меймандардын башын бириктирген, ынтымакты туу туткан республикалык деңгээлдеги салтанаттуу иш-чара жакшы маанайда жыйынтыкталды.

**Чыныбек уулу Кубанычбек.**